**Шарыпбек Абдылдаев атындагы орто мектебинин химия мугалими Акматова Мөөркандын 8-класска өтүлүп жаткан химия предмети боюнча компонент сабагына берген анализи**

8-класска химия сабагы жаңы кирип жаткандыктан компонент сабактын берилишинин максаты берилген материалды терендетип өздөштүрүү.

Компоненттин кириши окуучулардын химияга болгон кызыгуусун арттырып, химиялык кубулуштарды аңдап түшүнүүсүн калыптандырат.

Компонент сабакта химиялык заттар закондор, химиялык кубулуштар, химиялык реакциялар боюнча билимдерин терендетип өздөштүрүү менен химиялык маселелелерди чыгарууга үйрөнүшөт.

Компоненттин берилиши окуучулардын химия сабагына кызыгуусун арттырат жана билим сапатынын жогорулашына таасирин тийгизет.

8-класста химия сабагы химия илиминин башталышы жана негизи болгондуктан,ЖРТ жана “Алтын тамга” сынактарына жана ар кандай конкурстарга, олимпиадаларга катышуусуна түрткү берет.

**Шарыпбек Абдылдаев атындагы орто мектебинин математика мугалими Өмүралиева Сабиранын 5-10-класска өтүлүп жаткан математика боюнча компонент сабагына берген анализи**

Математика сабагында компонентти окутуунун максаты, алдыңкы класстарда окуп үйрөнгөн материалдарды тереңдетип өздөштүрүү.

Компоненттин кириши окуучулардын математикага болгон кызыгусунун өнүгүүсүн, анын илим системасындагы ээлеген орду тууралуу, математикалык каражаттар менен кубулуштарды аңдап түшүнүүсүн калыптандырат.

Бул багыттын алкагында рационалдык, иррационалдык , тригонометриялык көрсөткүчтүү, логорифмалык туюнтмаларды, функцияларды, тендемелерди, барабарсыздыктарды жана алардын системаларын терендетип өздөштүрүү менен математиканын турмушта колдонулуучу (практикалык) маселелерин чыгарууга үйрөнүшөт.

10-класста геометриялык компонент дагы салттуу багытты камтыйт . Тегиздикте жана мейкиндикте геометриялык фигуралардын негизги элементтерин табуу аркылуу турмуш менен байланыштырып маселелерди чыгаруу. Программалык материалды логикалык жогорку даражадагы көрсөтмөлүүлүк жана жеткиликтүүлүк менен айкалыштырабыз . Математика сабагына компоненттин берилиши окуучулардын билим сапатынын көтөрүлүшүнө таасирин тийгизет . Компонет сабактын 10-класска берилиши ЖРТ жана «Алтын Тамга» сынактарына, ар кандай конкурстарга, олимпиадаларга катышуусуна зор жардам берет .